## ҮЙ-БҮЛӨ. БАЛДАР. МЕДИЦИНА

Медициналык жардам алуу үчүн уюлдук телефонуңуздан 103 же 112 номуруна чалыңыз. **Эсиңизде болсун, өзгөчө кырдаалда Сиз документтерсиз да медициналык жардам аласыз.**

Россияда мыйзамдуу болуу үчүн Санкт-Петербургдун аймагында жарактуу **медициналык** полистин (ДМС) болуусу милдеттүү.

## БАЛАНЫ БАЛА БАКЧАГА ЖАНА МЕКТЕПКЕ КАНТИП КИРГИЗҮҮГӨ БОЛОТ?

Эске салсак, Россияда мектеп жашындагы бардык балдар мектепке барууга милдеттүү жана акысыз мамлекеттик орто билим алууга укуктуу. Бала бакчага же 1-класска кирүү үчүн көп функциялуу борборго **(тел. 122, gu.spb.ru/mfc/)** же катталган жериңиздеги мектепке кайрылыңыз. Биринчи класстан башка класстарга кирүү үчүн катталган жериңиздеги мектепке кайрылыңыз.

**МААНИЛҮҮ!** Эгерде сиздин балаңызды мектепке кабыл алуудан баш тартышса, райондук билим берүү бөлүмүнө кайрылыңыз, Сизге Сиз расмий катталган аймактагы мектептердин биринен орун таап берүүлөрү зарыл (райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн телефон номерлерин «Петербургское образование» сайтынан: https://petersburgedu.ru/content/view/category/356/ тапса болот.

## РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДА БОЛУУ РЕЖИМИН БУЗУУ ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар административдик жоопкерчиликке тартылышат

Россия Федерациясына кирүү жана болуу эрежелерин бузгандыгы үчүн (Россия Федерациясынын Администрациялык укук бузуулар жөнүндө кодексинин 18.8-беренеси) төмөнкү учурларда:

- Россия Федерациясына кирүүнүн белгиленген эрежелерин бузуу;
- миграциялык учетко туруу эрежелерин бузуулар;
- жүрүү эрежелерин же жүргөн жерин же жашаган жерин тандоо тартибин бузуу;
- Россия Федерациясынын аймагы аркылуу транзиттик жүрүү эрежелерин бузуу;
- федералдык мыйзамдар тарабынын орнотулган учурларда Россия Федерациясында жашагандыгын ырастоо жөнүндө билдирүү боюнча милдеттенмелерди аткарбоо.

Бул укук бузуулар үчүн жаза Россия Федерациясынын чек арасынан чыгаруу коркунучу менен 10 000ден 15 000 рублга чейинки өлчөмүндө административдик айып салуу түрүндө белгиленет.

**Чет өлкөлүк жарандар үчүн Тынымсыз байланыш телефонунун номерин сактап алыңыз**
**8 931 326-55-12**

Санкт-Петербург улуттар үйүнүн маалымат ресурстары

spbdn.ru

vk.com/domnac_spb

t.me/spb_dn

Тираж: 2300 экз. Изготовлено для СПб ГКУ «СПб Дом национальностей»

Комитет по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге

Дом Национальностей Санкт-Петербург

# САНКТ-ПЕТЕРБУРГГА КОШ КЕЛДИҢИЗ!

# МИГРАЦИЯЛЫК ЖАНА ЭМГЕК МЫЙЗАМДАРЫН АТКАРУУ, МЫЙЗАМДУУ ЖУМУШКА ОРНОШУУ, СОЦИАЛДЫК МАДАНИЙ АДАТПАЦИЯЛАНУУ БОЮНЧА КЕҢЕШТЕР

Санкт-Петербург
2024



# УРМАТТУУ ДОСТОР!

Бул буклетте Россиянын мыйзамдары тууралуу пайдалуу маалыматтар жана Санкт-Петербургдагы ыңгайлуу жашооңуз үчүн кеңештер камтылган. Бул эскертме конкреттүү кырдаалдарда өзүңүздү кандай алып жүрүү керектигин, Санкт-Петербургда жашоо жана иштөө үчүн кандай документтерди даярдоо керектигин, күтүлбөгөн кырдаалдарда кимге кайрылуу керектигин айтып берет.

Биринчиден, эсиңизде болсун, ар кандай оор кырдаалда Санкт-Петербургдагы мамлекеттик жана коомдук уюмдарга юридикалык жардам жана акысыз консультация алуу үчүн кайрыла аласыз.

# МИГРАЦИЯЛЫК УЧЕТ

Россияга киргенде сиз миграциялык картаны алдыңыз жана аны кеткенге чейин сактоо маанилүү. Санкт-Петербургга келгенде, эгер Сиз ЕАЭБ өлкөлөрүнүн **(Армения, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан)** жараны болсоңуз, анда **30** күндүн ичинде, ал эми **Өзбекстандын** же **Тажикстандын** жараны болсоңуз, 15 күндүн ичинде,
**башка** өлкөнүн жараны болсоңуз – 7 күндүн ичинде миграциягалык учетко турууңуз керек.

**Визасыз** кирүүдө чет өлкөлүк адамдын Россия Федерациясынын аймагында болуу мөөнөтү – **90** күн (бардыгы болуп ар бир мезгил үчүн 180 күн).
Бул мөөнөт узагыраак болушу мүмкүн, эгерде Сиз:

- «убактылуу жашоого» же «жашап туруу кагазына» документтерди тапшырган болсоңуз;
- жарандык алуу үчүн документтерди тапшырган болсоңуз;
- мекендештерди көчүрүү программасына катышып жатсаңыз;
- ден соолугуңузга байланыштуу Россиядан чыга албасаңыз.

**Көңүл буруңуз, Сиз мыйзамды бузуп жатасыз, эгерде:**

- Санкт-Петербургдун аймагында документсиз жүрсөңүз;
- миграциялык учетко коюу эрежелерин бузсаңыз;
- патентсиз иштесеңиз (Армениянын, Беларустун, Казакстандын, Кыргызстандын жарандарына патент кереги жок);
- башка аймакта башка кесип боюнча таризделген патент менен Санкт-Петербургда иштеп жатсаңыз;
- Патентти тариздөө жана узартуу мөөнөттөрүн сактабасаңыз.

# ИШ. ЭМНЕНИ БИЛҮҮ МААНИЛҮҮ

Россияда иштөө үчүн Сизде патент жана эмгек келишими болушу керек.
Сак болуңуз! Расмий сайттардан жумуш издеңиз, өзүңүз кол койгон документтердин көчүрмөсүн сактаңыз. Жеке документтериңизди эч кимге бербеңиз. Сиз иштеген уюмдардын жана менеджерлериңиздин телефон номерлерин жазып алыңыз.
Эгерде сиздин укугуңуз бузулса, дароо полицияга кайрылыңыз (тел. 112).

**Иштөө үчүн патент** – бул документ:

- Сизге жеке же юридикалык жакка иштөө укугун берет;
- анда көрсөтүлгөн кесип боюнча гана иштөөгө мүмкүндүк берет;
- Сиз аны алган Россиянын аймагында гана иштейт.

**Эмгек келишими** – бул кызматкер менен иш берүүчүнүн ортосундагы расмий келишим. Иш берүүчү катары сиздин укуктарыңызды жана милдеттериңизди аткаруу үчүн эмгек келишими зарыл. сага карата. Мындай келишимдерди жеке жактар менен да, юридикалык жактар (компания, фирма) менен да түзсө болот.

